**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ Д-2 «16» 01 2023

Сизд.чыг. (На) №_______ «___» _______ 20__

**С.И. Даут Ахуновго**
Ош облусу, Өзгөн шаары
Коперник көч., 37
тел.: 0552551110
Sardor_ahun@mail.ru

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Сиздин 2022-жылдын 15-июлундагы (кириш №Д-132), 2022-жылдын 18-июлундагы (кириш №Д-132/2), 2023-жылдын 11-январындагы (кириш №Д-2) кайрылууларыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

1. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын сунушу менен катталган талапкерлердин тизмесиндеги 10 талапкердин өз арыздарынын негизинде (2/1-Форма), Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын (мындан ары - АШК) 2021-жылдын 18-апрелиндеги №58-чечими менен талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөрткөн.

Ал эми кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндө арыздагы кол тамаганын аныктыгын текшерүү үчүн тиешелүү органдарга кайрылууну сунуштайбыз.

Өзгөн АШКнын 2022-жылдын 20-апрелиндеги №5-чечими менен «Ата-Журт Кыргызстан» фракциясынын 2 депутатынын ыйгарым укуктары бир жыл ичинде төрт жолудан ашык жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйындарына катышпай калгандыгына байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулган. Аталган АШКнын чечими КР БШКнын 2022-жылдын 25-майындагы №59 токтому менен бекитилген.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-1-бөлүгүнүнө ылайык: *«Пропорциялуу система боюнча шайланган депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты кийинки катталган талапкерге берилет:*

*1) аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда аял жынысындагы талапкерлердин арасынан;*

*2) эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда эркек жынысындагы талапкерлердин арасынан.*

*Талапкерлердин тизмесинде тиешелүү жыныстагы адамдардын талапкерлери жок болгон учурда, депутаттын мандаты ошол эле тизмедеги талапкерге кезек боюнча берилет.».*

Бош калган депутаттык мандаттар тизме боюнча төмөндөгү талапкерлерге өткөрүлүп берилди, б.а. эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда эркек жынысындагы талапкерлердин арасынан эркек жынысындагы талапкерге берилет.

Өзгөн АШКнын 2022-жылдын 16-декабрындагы №19 чечими менен бош калган мандаттар «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын катталган талапкерлердин тизмесиндеги кийинки талапкерлер М.М. Абдулхамедовго, Й.Т. Имьяминовго берилген.

Аталган АШКнын чечими жогорудагы мыйзамдын талаптарына жооп бергендигине байланыштуу КР БШКнын 2022-жылдын 29-декабрындагы №103 токтому менен бекитилген.

2. Сизге белгилүү болгондой, сиздин кайрылууңуз боюнча КР БШК тийиштүү органдарына суроо-талаптарды жөнөткөн.

Ал эми 2022-жылдын 26-сентябрындагы (чыгыш № Д-132/2) каты менен жөнөтүлгөн маалыматка кошумча төмөнкүнү билдирет.

2022-жылдын 14-октябрында Ош шаардык ички иштер башкармалыгынан төмөндөгүдөй маалыматы келип түшкөн:

*«2022-жылдын 16-сентябрында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрилгине караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматына 14.04.2021-жылдагы кезектүүлүктү өзгөртүү жөнүндөгү арыздагы кол тамга С. Даут Ахуновго тиешелүү экендигин же болбосо башка адам тарабынан коюлгандыгын аныктоо максатында комиссиондук кол-жазма экспертиза дайындалып, ошол эле күнү кылмыш иш боюнча тергөө мөөнөтү аяктап калгандыктан Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 246-бер. 1-б. 3-п. менен өндүрүштөн убактылуу токтотулгандыгын билдирет.».*

**Төраганын орун басары** **Т. Шайназаров**

Атк.: Берикбаева К. 660118